«БЕКИТЕМИН»
**Ош мамлекеттик университетинин ректору, ф.-м.и.д., профессор К.Г. Кожобеков**
«10» ____________ 2024-ж.

**Илимий изилдөөлөрдүн, илимий-техникалык иштердин натыйжаларын, (же) илимий жана (же) илимий-техникалык ишмердүүлүктүн натыйжаларын киргизүү актысы**

1 . Иштелменин автору (авторлоштору): **Татенов Марат Бейшенбекович**

2. Илимий изилдөөлөрдүн, илимий—техникалык иштердин (же) илимий жана (же) илимий—техникалык ишмердүүлүктүн натыйжаларынын аталышы: 12.00.02 — конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «**Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндөгү коллегиялдуулук жана жеке башчылык (конституциялык-укуктук аспект)**» аттуу темадагы диссертациялык жумуш.

**3. Кыскача аннотация:** диссертациялык изилдөө мамлекеттик коллегиялдык жана жеке башкарууну талдоого, публикалык бийликтин коллегиялдык жана жеке башкаруу органдарынын маңызын ачып көрсөтүүгө жана жогоруда айтылган башкаруунун түрлөрү менен укуктук мамлекет, жарандык коом, парламентаризм, адам укуктары, мамлекеттин формалары жана илимий-техникалык прогресстин тиешелүү деңгээлдери менен өз ара байланыштарын кароого багытталган. Азыркы учурга чейин Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндөгү коллегиялдуулук жана жеке башчылык жөнүндө илимий эмгектер жазылган эмес. Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы болуп дагы төмөнкүлөр эсептелинет: укуктук мамлекетти, жарандык коомду калыптандырууда жана демократиянын иштешинде пайда болгон көйгөйлөрдүн себептери ачылып берилген жана бул себептер мамлекеттин коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсүн туура эмес уюштуруунун негизинде келип чыгышы жана бул көйгөйлөрдү чечүү жолдору берилип, негизделген.

Ошондой эле, изилдөөнүн илимий жаңылыгы коргоого коюлган бардык

жоболор, эмгекте чыгарылган жыйынтыктар, корутундулар толук турдө жаңы экендиги менен чагылдырылган. Атап айтканда, биринчи жолу коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдарынын беш белгиси аныкталып, негизделген, коллегиялдуулук принциби укуктун бардык принциптерин ишке ашыруунун негизи болуп санала тургандыгы далилденген.Парламенттин болушу гана парламентаризмдин болушун билдирбейт, анткени биринчиден, мамлекеттик коллегиялдуу органдардын мамлекеттик жеке башкаруу органдарга үстөмдүгү зарыл, экинчиден, мыйзам чыгаруу органы аткаруу жана сот бийликтерин көзөмөлдөө боюнча ыйгарым укуктарга ээ болушу керек, үчүнчүдөн, парламентаризмге тиешелүү илимий-техникалык прогресстен жана экономиканын өнүгүшүнөн кийин жетишүү мүмкүн. Азыркы демократиялык мамлекеттин механизми ошол эле учурда адамдын жана жарандын укуктарын камсыз кылуу жана коргоо механизми болуп саналат. Биргелешкен жана массалык коррупциянын негизги себептери болуп илимий-техникалык прогресстин жоктугу, өнөр жайдын жана экономиканын өнүкпөгөндүгү, ошондой эле жеке мамлекеттин механизмдегижеке башкаруургандардын коллегиялдык органдарга карата үстөмдүгү саналат.Мыйзамдуу киреше булактарынын жоктугу же жетишсиздиги коррупциянын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Коллегиялдуу мамлекеттик башкаруу-бул жарандык коомдун жашоосунун негизи. Элдик суверенитет коллегиалдуу мамлекеттик башкаруунун алдында ишке ашырылат. Кыргыз Республикасынын Конституциясында уюштуруу жана жөнгө салуу ченемдеринин ортосундагы өз ара байланышы аныкталган жана негизделген.

**4.Кийирүүнүн жыйынтыгы:**изилдөө предметине тиешелүү көйгөйлүү аспектилердин талдоосу Кыргыз Республикасынын мыйзам чыгаруу тажрыйбасын жана укуктук илимдин актуалдуу жетишкендиктерин эске алуу менен жүргүзүлгөн. Изилдөөдө келтирилген практикалык сунуштамалар Кыргыз Республикасынынконституциялык, илим жана билим берүү чөйрөлөрүндөгү мыйзамдардыандан ары өнүктүрүүгө багытталган. Диссертациялык иштин материалдарын мамлекеттик саясатты жүргүзүүдө, атап айтканда илимий-техникалык прогрессти өркүндөтүү аркылуу адам укуктарын толук кандуу ишке ашыруу, Кыргызстанда укуктук мамлекетти, жарандык коомду өнүктүрүү, мыйзамдуулукту, укуктук тартипти жана дисциплинаны камсыздоо үчүн колдонсо болот. Диссертациялыкизилдөөнүн материалдарынконституциялык укук, муниципалдык укукдисциплиналарын окутууда, алар боюнча окуу-усулдук колдонмолорду даярдоодо жана кийинки илимий-изилдөөлөрдү жүргүзүүдө пайдаланууга болот.

**5.Кийирүүнүн орду жана убактысы:** Ош мамлекеттик университети, 2024-ж.

**6. Кийирүүнүн формасы:** Диссертациянын материалдары төмөнкү документтерде, материалдарда жана иштелмелерде колдонулду:

- конституциялык укук, муниципалдык укук дисциплиналары боюнча лекциялык жана семинардык сабактарды өткөрүүдө;
- конституциялык укук, муниципалдык укук дисциплиналары боюнча окуу-методикалык комплекстерди жана жумушчу программаларды иштеп чыгууда.

ОшМУнун юридика
факультетинин деканы,
ю.и.д., профессор — **Кулдышева Г.К.**

Мамлекеттин, укуктун теориясы
жана тарыхы кафедрасынын
башчысынын орун басары,
ю.и.к., доцент — **Матисакова З.У.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Мамлекеттин, укуктун теориясы
жана тарыхы кафедрасынын
доценти, ю.и.к. — **Дехканова Ж.А.**

Ош МУ
Тастыктаймын
2024 ж. «10» 01
Кадрлар бөлүмүнүн
башчысы Турдубаева Г.